КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XVIII сессиясы**

**Токтом № 63**

**Сүлүктү шаары** **01.11.2022-жыл**

**Сүлүктү шаарынын аймагында суу эсептегичи жок абоненттер үчүн таза суунун бир күндүк нормасын бекитүү жөнүндө**

"Сүлүктү Тазасууканал" МИнын Сүлүктү шаарынын аймагында суу эсептегичи жок абоненттер үчүн таза суунун бир күндүк нормасын бекитүү жөнүндө 23.08.2022ж. 01-13/135 сандуу каты боюнча шаардык кеңештин өнөр жай, транпорт, жол, коммуналдык иштер, таза суу, тазалык жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын жана шаардын аймагында суу эсептегичи жок абоненттер үчүн таза суунун бир күндүк нормасын аныктап чыгуу үчүн, элге берилип жаткан сууга хронометраж жүргүзүү боюнча жумушчу топтун сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 34 беренесинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын аймагында суу эсептегичи жок абоненттер үчүн таза суунун бир күндүк нормасы 120л өлчөмүндө бекитилсин
2. Суу эсептегич прибору жок абоненттерге таза суунун тарифтик баасы ушул нормага ылайык эсептелсин
3. Бекитилген таза суунун бир күндүк нормасы бюнча монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин Баткен облустук бөлүмү менен тактоо жана макулдашуу жагы "Сүлүктү Тазасууканал" МИнын директору К.М.Айтемировго милдеттендирилсин
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сүлүктү шаарынын мэринин 1-орун басары И.Д.Бабаевге жана шаардык кеңештин өнөр жай, транспорт, жол, коммуналдык иштер, таза суу, тазалык жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага : К.Мадаминов